Манас гезити

КЫРГЫЗ-ТҮРК "МАНАС" УНИВЕРСИТЕТИНИН СТУДЕНТТИК ПРАКТИКАЛЫК ГЕЗИТИ ПРОФЕССОР КАРЫБЕК МОЛДОБАЕВДЫН ЭЛЕСИНЕ АРНАЛГАН АТАЙЫН ЧЫГАРЫЛЫШ'22 / №86-САНЫ WWW.MANAS.EDU.KG




# КТМУнун негиздөөчү ректору Карыбек Молдобаев эскерилди

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде 24-ноябрда окуу жайдын түптөөчүсү, белгилүү коомдук ишмер, III даражадагы Манас орденинин ээси маркум Карыбек Молдобаевдин 90 жылдыгына арналган эскерүү кечеси жана 2021-2022-окуу жылынын мыкты студенттерине "Карыбек Молдобаев" атындагы стипендияларын тапшыруу аземи болуп өттү.




## Замандын талабына жараша адистерди даярдаган Кесиптик жогорку мектеп

Күндө Кыргыз-Түрк "Манас" университетине сабакка келе жатып, "Кесиптик жогорку мектеп" деп кире беришинде жазылып




## Кыргыздарда кыздын себинин мааниси жана шааниси

Кызга сеп берүү салты түрк калктарынын орток маданий мурастарынын бири. Түрк элдеринин бир бутагы болгон кыргыздарда бул каада шаан-шөкөт,




## Көркөм өнөр факультети – талантардын уясы

Гезитибиздин бул санында университетибиздин көркөм өнөр факультети тууралуу баяндамакчы болуп, өнөр уясы болгон заңгыраган...




## Сыдыкова Жыргал, мугалим: "Ар бир үйдө комуз күүсү жаңырса"

Чыныгы мугалим ар бир жасаган иши менен, бүтүндөй жан дүйнөсү менен менен элди агартууга өмүрүн арнаган адам болот тура...




## «Манас - өмүр бою өздөштүрө турган баалуулук"

Устүбүздөгү жылдын 21-28-сентябрында Түркиянын Бурса шаарында болуп өткөн "Манас...




## КТМУнун ректору жана биринчи проректору Алтынбек Максутовду жаңы кызмат орду менен куттукташты




# КТМУнун негиздөөчү ректору Карыбек Молдобаев эскерилди

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде 24-ноябрда окуу жайдын түптөөчүсү, белгилүү коомдук ишмер, III даражадагы Манас орденинин ээси маркум Карыбек Молдобаевдин 90 жылдыгына арналган эскерүү кечеси жана 2021-2022-окуу жылынын мыкты студенттерине "Карыбек Молдобаев" атындагы стипендияларын тапшыруу аземи болуп өттү.***

Эскерүү иш-чарасына маркумдун үй-бүлөсү жана жакындары, КТМУнун жетекчилиги, белгилүү коомдук ишмерлер, окумуштуулар, ошондой эле университеттин окутуучулар жамааты менен студенттер жана медиа өкүлдөрү катышты. Иш-чара маркумду 1 мүнөттүк эскерүү менен башталып, "Мезгил жана өзүм тууралуу ой жүгүртүүлөр" деген Карыбек Молдобаевдин өзү тууралуу китебинин негизинде тартылган тасманын көрсөтүлүшү менен башталды. КТМУнун биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев окуу жайдын ректору, профессор Алпаслан Жейлан иш сапары менен жүргөндүгүнө байланыштуу катыша албаганын айтып, профессор К.Молдобаевдин өлкөнүн өнүгүүсүндө, ошондой эле Кыргыз-Түрк "Манас" университетин түптөөдө жана өнүктүрүүдө эбегейсиз чоң салымы бар экендигин баса белгиледи. Ал өз сөзүндө батыш моделиндеги, эл аралык тажрыйбага таянган, заманбап окуу жайын курууга болгон далаалаттарына, татыктуу ишмердүүлүктөрүнө токтолду.

- "Агайдын шакирттери жана үзөңгүлөштөрү көп болгон. Анын таптап, тарбиялаган шакирттеринен мамлекетти жетектеген инсандар чыкты. Ал абдан көрөгөч, турмуштук тажрыйбага бай, кесиптик жагынан жогорку даражага жеткен жана адамдык сапаты бийик

инсан болгон. Ал дайыма ынтымакка чакырып, ансыз өнүгүү болбосун айтып турчу. Чынында эле агайыбыздын окуу жай үчүн жасаган эмгектери баа жеткис. Быйыл Орто Азиянын Гарварды болушу керек деген тилек менен түзүлгөн Кыргыз-Түрк "Манас" университетине 27 жыл толду. Учурда Борбор Азиянын Чолпон жылдызына айланган, татыктуу билим берген, эл аралык деңгээлге чыгып, Кыргызстандын тарыхында дүйнөлүк

рейтингге кирген алгачкы университет болууга жетишти. Бул бийик даражага Карыбек Молдобаев агайыбыз баштап кеткен жолду улантуу менен жетиштик. Биз эч качан окуу жайыбыздын тарыхында из калтырган улуу инсандарды унутпайбыз жана сый-урматыбыз менен Карыбек агайды куруучу ректор катары эскеребиз. Жакында окуу жайдын окумуштуулар кеңешинде түштүк магистраль тараптан университеттин Ч.Айтматов атындагы кампусуна кирген негизги жолго Карыбек Молдобаевдин ысымын ыйгаруу бир добуштан кабыл алынды. Ошондой эле агайдын атын өчүрбөй жыл сайын университеттин мыкты студенттерине "Карыбек Молдобаев" атындагы стипендияларын тапшырып келе жаткан үй-бүлөсүнө ыраазычылык билдирем",- деди.

Андан кийин окуу жайдын гуманитардык факультетинин профессору Анварбек Мокеев баяндамасында Карыбек Молдобаевдин Кыргызстан үчүн тоо көтөргүс эмгеги жана Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин түптөлүшүнө кошкон зор салымын баса белгиледи. Айрыкча жер маселесине байланыштуу «Жал» кампусунун территориясын чечүүдөгү эскерүүлөргө токтолуп, Карыбек Молдобаевдин "Манас" университетинин түптөлүшүндө терең билим, тунук акылын аябай ак кызмат өтөп кеткенин айтты. Ал эми гуманитардык факультетинин синхрондук котормо адилеттүү адам катары калды", -деди.

Андан соң К.Молдобаевдин үй-бүлөсү жана жакын туугандары Абсалбек Баялиев жана кыргыз элинин белгилүү акыны Жоомарт Бөкөнбаевдин кызы Сырга Бөкөнбаева маркумдун илим-билимге өзгөчө маани бергенин, мекенчилдигин жана жаштарга өмүрү өрнөк болушу керектигин белгилешти. Ошондой эле Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин ийгиликтүү студенттери үчүн Карыбек Молдобаевдин неберелери уюштурган «Карыбек Молдобаевдин стипендиясы» университеттин алдыңкы үч студентине: гуманитардык факультетинин чыгыш тилдер бөлүмүнүн 3-курсунун студенти Алина Жолчуева, коммуникация факультетинин 3-курсунан Бегайым Курманбековага жана экономика жана башкаруу факультетинин 3-курсунун студенти Кундуз Тамчыбековага тапшырылды. Аны К.Молдобаевдин кыздары менен небереси Айбек Жангазиев тапшырып, КТМУнун жетекчилигине, иш-чаранын катышуучу жана уюштуруучуларына ыраазычылыгын билдиришти. Белгилей кетсек, бул жөрөлгө жыл сайын маркум профессор Карыбек Молдобаевдин туулган күнүндө тапшырылып келет.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС





# Өткөндөр даңкталмайынча, тирүүлөр баркталбайт

***Кыргыз-Түрк "Манас" университетинде Кыргызстандын 7-8-ноябрь Тарых жана Ата-бабаларды эскерүү күндөрүнө арналган иш-чара болуп өттү.***



Иш-чара бир мүнөттүк эскерүү жана улуттук гимндердин аткарылышы менен башталды. Андан соң ата-бабаларга багышталып куран окутулуп, тарыхый окуялар боюнча тартылган "Бабалардын баскан жолу" даректүү тасмасы көрсөтүлдү.Ачылыш сөзүндө университеттин ректору, профессор Алпаслан Жейлан түрк дүйнөсүнүн жаштары тарыхты унутпай, өздөрүнүн улуттук жана руханий баалуулуктарын көздүн карегиндей сактоосу керектигин билдирсе, биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев ата-бабаларыбыз урпактардын эсинде сакталып, өткөнүн унутпай, тарыхын урматтаган элдер ар дайым биримдикте болорун белгиледи. Ачылыш сөздөрүнөн кийин доц. м.а. Зухра Алтымышова "Кыргызстандагы 1937-1938-жж. саясий репрессия" деген темада баяндама окуду.

### Тарыхыбыздын элеси болгон "Ата-Бейит" комплексине гүл коюлду

Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнүнө карата мамлекеттүүлүгүбүздүн түптөлүшүнө салым кошкон тарыхый инсандардын эстеликтерине гүл коюлуп, куран түшүрүлүп эскерилди. 7-8-ноябрь Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнүнө карата Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин жетекчилери окуу жайдын Студенттик кеңеши менен биргеликте "Ата-Бейит" улуттук тарыхый-мемориалдык комплексине барып, 1916-жылдагы трагедиялуу окуялардын курмандыктарына арналган эстелик мемориалына, 1937-38-жылдардагы саясий репрессиянын курмандыктарына арналган эстеликмемориалына жана жазуучу Чыңгыз Айтматовдун бейитине гүл коюшту. Алардын элестерине багыштап куран окуп, эскеришти.Эске сала кетсек, 2017-жылдан бери Кыргызстанда 7-8-ноябрь Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнү катары белгиленип келет.

### Тарыхтан таасир алуу менен келечекти куруу максаты...

2022-жылдын 9-ноябрында гуманитардык факультетинин тарых бөлүмүнүн студенттери тарабынан 7-8-ноябрь - Тарых жана ата-бабаларды эскерүү күнүнө карата тегерек стол өттү.Жыйынды тарых бөлүмүнүн башчысы, профессор Жээнбек Алымбаев ачып, тегерек столдун көздөгөн максатын айтып өттү. Студенттердин кыргыз элинин байыртадан азыркыга чейинки тарыхый баскан жолу, ар кандай үстөмдүк эзүүлөргө каршы кыргыз элинин боштондук күрөшү, өз алдынча мамлекет түзүү аракеттери, бабалардын баскан изин унутпай, каада-салтын жоготпой сактап калуу үчүн көргөн аракеттери темасына арналган баяндамалары да катышуучулардын арасында кызуу талкууларды жаратты.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

# “Манаска” ыраазычылык кат

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

***2022-жылдын 17-ноябрында Кыргыз-Түрк “Манас” университетине Кыргыз Республикасынын Президентинин №1 “Ала-Арча” мамлекеттик резиденциясынын атынан ыраазычылык каты тапшырылды.***



«АЛА-АРЧА»
Государственная резиденция Президента Кыргызской Республики №1
при Управлении делами Президента Кыргызской Республики

*Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору профессор Алпарслан Жейлан, Ветеринария факультетинин деканы профессор Исмаил Шен, башкы врач профессор Абузер Таш, профессор Али Ришванлы, ветеринардык врач Абдыманап уулу Нурга:*

**ЫРААЗЫЧЫЛЫК КАТ**

*Ветеринардык иш-чараларды жүргүзүүдө жаныбарлардын ылаңдарынын алдын алууга, диагноз коюуга, дарылоого, жаныбарлардын амандыгын сактоону камсыз кылууга багытталган зор салымыңыздар үчүн жана ар кандай кырдаалда, кечиктирилбестен көрсөткөн сапаттуу ветеринардык кызматыңыздар үчүн терең ыраазычылыгыбызды билдиребиз.*

*Сиздердин кызматкерлердин жогорку кесипкөйлүгүн, маселелерди чечүүдөгү ыкчамдыгын баса белгилеп, түзүлгөн ишкер жана достук мамилелердин сакталышына жана мындан аркы өз ара кызматташууга тилектешпиз. Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин жалпы жамаатына ар тараптуу өнүгүүнү, албан ийгиликтерди жана жаңы бийиктиктерди багындырууну каалайбыз.*

Терең урматтоо менен,
Кыргыз Республикасынын Президентинин
№ 1 мамлекеттик резиденциясы
мамлекеттик мекемесинин директору

*Билимбек уулу А.*

*17 ноября 2022 г.*

Катта “Ала-Арча” мамлекеттик мекемесинин директору Билимбек уулу Адилет ветеринардык иш-чараларды жүргүзүүдө жаныбарлардын ылаңдарын алдын алууга, диагноз коюуга, дарылоого, жаныбарлардын амандыгын сактоону камсыз кылууга багытталган зор салымы жана ар кандай кырдаалда кечиктирилбестен көрсөтүлгөн сапаттуу ветеринардык кызматы үчүн Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан, ветеринария факультетинин деканы, профессор Исмаил Шен, башкы врач, профессор Абузер  Таш, профессор Али Ришванлы, ветеринардык врач Абдыманап уулу Нурга ыраазычылык билдирген.

# КТМУнун ректору жана биринчи проректору Алтынбек Максүтовду жаңы кызмат орду менен куттукташты

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин ректору, профессор Алпаслан Жейлан жана биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министри болуп президенттин жарлыгы менен дайындалган Алтынбек Максүтовду жаңы кызмат орду менен куттуктап , жооптуу ишине ийгилик каалашты.

Жолугушууда “Манас” университетинде да окутуучулук кызматын аркалаган министр Алтынбек Максүтов университет менен министрликтин ортосундагы кызматтыштыкты улантууга жана коомго пайдалуу долбоорлорду ишке ашырууга ынтызар экендигин билдирди.







# “Айыл тургундары менен жолугушуу” долбоору уланууда

***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин “Манас» айыл кыдыруу иш-чарасы ийгиликтүү уланууда.***





«Университеттен да артык» болгон Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин социалдык жопкерчилик долбоорлорунун бири болгон «Манас айыл кыдыруу» иш сапары 2022-жылдын 12-ноябрында Чүй районунун Кемин районунун Алмалуу айыл аймагындагы КызылСуу айылына болду.

Иш сапарга КТМУнун ректоратынын атынан долбоордо координатор милдетин аткарган Тышкы байланыштар координатору жана теология факультетинин деканынын орун баса-ры проф. докт. Кемаль Полат, айыл-чарба факультетинин деканынын орун басары проф. докт. Атилла Дурсун, доц. докт. Нурзат Тотубаева, Ветеринария факультетинин деканы-нын орун басары доц. докт. Фатих Рамазан Истанбуллугил, Шейит Эрен Булбул атындагы Ден соолук борборунун кызматкерлери докт. Бакыт Алиаскаров жана медайым Анара Асакеевалар барды.

«Манас» университетин айыл элине кеңири тааныштырган жогорудагы кызматкерлерден турган комитет айыл тургундарынын муктаждыктары менен таанышышып, алардын су-роолоруна жооп берип, тармактары боюнча айрым көйгөйлөрдү чечүү жолдорун су-нушташты.

Проф. докт. Кемаль Полат MEDIAMANASка берген маалыматында аталган долбоор Кыргызстандын аймактарындагы айылдарды кыдыруу менен, университет менен элдин таанышуусун шарттап, социалдык жоопкерчилик менен коомго пайдалуу иш-аракеттерди ишке ашырууну көздөйт. Мунун негизинде Кыргыз-Түрк “Манас” университети айыл тургундарынын көйгөйлөрүн илимий жактан чечүү жолдорун иштеп чыгып, аларга колдон келишинче колдоо көрсөтөрүн билдирген.

Проф. докт. Полат айыл элинин кыргыз-түрк элдеринин достугуна тилектештигин, Кыргыз-Түрк “Манас” университетине ишеним арткандарын жана ректор проф. докт. Алпаслан Жейлан менен биринчи проректор проф. докт. Асылбек Кулмырзаевге ыраазычылык билдиргенин баса белгилеген.

# Аймактык туристтик жарманкеге Манастын окутуучулары катышты

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Ош шаарында өткөн Аймактык туризм форумуна Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин туризм факультетинин окутуучулары катышты. 2022-жылдын 3-4-ноябрында Ош шаарында өткөн жарманкенин темасы “Биргелешкен аракет аркылуу туруктуу туризмди өнүктүрүү” болду.

Жарманкеде Туризм факультетинин проф. докт., Нурудин Кыдыралиев “Кыргызстандагы гастрономиялык туризм” деген темада баяндама жасады.“Манастан” барган окутуучулар илимий изилдөөлөргө катышуудан тышкары, көргөзмө такталары менен университетти даңазалашты. Бул ишке Түркия Республикасынын Бишкектеги элчилигинин Маданият жана таанытуу кеңешчиси да салым кошкон.



# Болочок журналисттер үчүн медиа-тренингдер

***Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде журналистика тармагында билим алып жаткан студенттер үчүн медиа-тренингдер өткөрүлдү.***

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Медиа-тренингдер Кыргыз-Түрк “Манас” университети менен TİKA – Түрк кызматташуу жана координациялоо агенттигинин, Түркиянын TRT жана GZT телеканалынын ортосундагы кызматташуунун негизинде уюштурулду.

Ачылышта окуу жайдын ректору проф. док. Алпаслан Жейлан өз сөзүндө билим берүү тармагындагы биргелешип уюштурулган маанилүү долбоорлордун ийгиликтүү ишке ашырылып жатканы үчүн TİKA, TRT жана GZT телеканалынын жетекчилерине ыраазычылык билдирип, медиа-тренингдер студенттер үчүн эң керектүү жана пайдалуу болот деген ишенимин билдирди.

TİKAнын Бишкектеги координатору Осман Уста Түрк кызматташуу жана координациялоо агенттиги Кыргызстанда 1992-жылдан бери ар кайсы тармакта натыйжалуу долбоорлорду ишке ашырып келе жатканын айтып, бүгүн Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин студенттери үчүн Түркиянын медиа жана маалымат жаатындагы мыкты адистердин кесиптик тажрыйбасы менен бөлүшүү максатында ишке ашырылып жатканына кубанганын билдирди.Андан кийин TRT телеканалынын медиа билим берүү бөлүмүнүн башчысы Бүшра Багдат медиа-тренингдердин программасы менен жалпы студенттерди тааныштырды. Жаштардан оригиналдуу, өзгөчө эмгектерди күтө турганын айтып, жогорку активдүүлүктү көрсөткөн студенттерге ыраазычылык билдирди.Медиа-тренингдер теориялык жана практикалык сабактар менен коштолуп, бир жума бою уланды. Тренинг соңунда катышуучуларга сертификаттар тапшырылды.











# 10-ноябрь Ататүркtү эскерүү күнү



***10 - ноябрь Түркия Республикасынын негиздөөчүсү жана биринчи президенти Мустафа Кемал Ататүрктүн дүйнөдөн кайткан күнү. Буга байланыштуу Кыргыз-Түрк “Манас” университетинде Ататүрктүн дүйнөдөн өткөнүнүн 84 жылдыгына арналган эскерүү иш-чарасы болуп өттү.***

Иш-чара эртең менен Бишкектеги “Ататүрк” атындагы эс алуу паркында Мустафа Кемал Ататүрктүн эстелигинин астына гүл коюу менен башталды. Андан соң эскерүү университетте улантылып, ага окуу жайдын жетекчилери, академиялык жана административдик кызматкерлери жана студенттер катышты.

Программанын алдында ректораттын көргөзмө залында “Ататүрк фото жана документтер менен” аттуу көргөзмөсү ачылды. Жыйын эки өлкөнүн улуттук гимндери жана Мустафа Кемал Ататүрктү 1 мүнөттүк эскерүү менен башталды. Андан кийин Ататүрк жөнүндө даректүү тасма көрсөтүлдү.

Иш-чаранын ачылыш сөзүндө университеттин ректору, профессор Алпаслан Жейлан Ататүрктүн Түрк дүйнөсү жана адамзат тарыхына, маданиятына калтырган улуу жолу дүйнө жүзүндө сый-урмат менен эскерилерин баса белгилеп, Түркия мамлекети оңой-олтоң курулбаганын, ал Мустафа Кемал Ататүрктүн Чанаккале жеңишиндеги эрдиги менен аскердик гениалдуулугунун аркасында ишке ашканын айтты. Ошондой эле Ататүрк өзүнүн көрөгөчтүгү менен СССРдин кулашын жана Теңир тоодогу байыркы кандаш тууган-дарыбыз менен бирге болоорубузду алдын ала көрө билген экен деп кошумчалады.

Андан кийин биринчи проректор, профессор Асылбек Кулмырзаев тарыхта көптөгөн улуу инсандардын жасаган иштери убакыттын өтүшү менен унутулганына карабай, Ататүрктүн жасаган иши унутулбастыгын баса белгиледи. “Ататүрк Түркиянын эле эмес, адамзаттын тарыхында из калтырган таасирдүү лидер болгон жана бүтүндөй Түрк дүйнөсүнө жакшы үлгү көрсөтүп, түрк эли үчүн жаркыраган келечек куруп кеткен. Ал көзү тирүүсүндө эле “Түрк элинин атасы” деген наамга ээ болгон. Ошондой эле ал өлкөнү илимдүү, билимдүү адамдар башкарышы керек деп илим жана билимге, тилге жана тарыхка өзгөчө көңүлбурган”, - деп айтып келип, “кыргыз жана түрк бир тууган элинин ортосунда курулган Кыргыз-Түрк “Манас” университети Түрк дүйнөсүнүн келечегине татыктуу кызмат кылып келе жатат жана ал Кыргызстанда жогорку окуу жайлар арасында лидер болуп калды. Биз мындан ары да чоң бийиктиктерди багынтышыбыз керек”, - деди профессор Кулмырзаев. Ачылыш сөздөрүнөн кийин доц.м.а. Кайрат Белек “Мустафа Кемал Ататүрк тууралуу чет элдик илимпоздордун жана саясий ишмерлердин пикирлери” деген темада баяндама жасады. Жыйын көркөм өнөр факультети тарабынан даярдалган “Ататүрктүн сүйүктүү ырлары” аталышындагы концерттик программа менен соңуна чыкты.

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

# Кыргыздарда кыздын себинин мааниси жана шааниси

КАБАР: КАНЫКЕЙ НИЯЗБЕКОВА
ФОТО: ИНТЕРНЕТ



Кызга сеп берүү салты түрк калктарынын орток маданий мурастарынын бири. Түрк элдеринин бир бутагы болгон кыргыздарда бул каада шаан-шөкөт, салтанат менен уланып келет. Биз бул макалада учурдагы кыргыз кызынын себинин мааниси, ага канча каражат сарпталат, септин ичинде эмнелер камтылат деген суроолорго жооп издеп, андагы кызыктуу жөрөлгөлөр тууралуу сөз кылмакчыбыз.

Учурда кыргыздарда турмушка узаган кыздын себин берүү ата-энелерден кыйла эле каражатты талап кылат. Ырас, көбүнчө алдын ала сүйлөшүлгөн же ошол аймактын жашоо деңгээлине жараша өлчөнгөн калың күйөө тараптан берилет. Калыңга илгери мал берилген болсо, азыр заманга жараша акчалай берип калышты. Бирок калыңдын акчасы менен эле кыздын себи бүтүп калбайт. Ушундан улам кыргыз элинде кыздын алтысында баштасаң – ашырасың, жетисинде баштасаң – жеткиресиң деген сөз калган.

Заман жаңырып, улуттук каада-салттар өзгөргөнү менен кыргыздарда ата-эне кызына сеп бербей кое албайт. Себеби “калыңсыз кыз болсо да, каадасыз кыз болбойт” деп, ар бир ата-эне колунан келгенин жасап берүүгө далбас урат.

“Илгертен сепке көшөгө, жууркан-төшөк, жаздык, жөлөнмө жаздыкча, жер-төшөк, сандык, шырдак, ала кийиз, туштук, идиш-аяк, ийик, ийне, кийим-кече, зер буюмдарды берип келишкен. Азыр болсо, заманга жараша буларга үй-тиричилик техникасы, кир жуучу машина, идиш жуучу машина, муздаткыч ж.б., ошондой эле эмеректер кошо берилип калды. Булардын баарын камдаш бир топ эле каражатты талап кылат. Биз да эл катары 12 жууркан, 6 жер төшөк, 12 жаздыкча,1 сандык, 1 чоң шырдак, көшөгө (парда), килем, алтын чынжырча, идиш-аяк, уктоочу керебет, муздаткыч, ашкана эмеректерин ж.б майда-бараттарын жеткирдик”, - дейт жакында эле кызына сеп берген Гулжан Маметова. Анын айтымында, сепке 400 миң сомдун тегерегинде каражат сарпталган.

### Манастын жубайы Каныкейдин калыңы жана себи

«Манас» кыргыз турмушунун энциклопедиясы дейбиз. Теманы улай биздин улуу эпоско да кайрыла кетпесек болбос.

Каныкей – кыргыз тарыхында эң кымбат калың төлөнгөн кыз. Манастын атасы хан Жакыптан Каныкейдин атасы Темирхан эч кимдин күчү жеткис калың сурайт. Каныкейдин Манаска татыктуу жар болорун сезген Жакып болочок келини үчүн эч нерсе аябайт. Алтымыш нар комдотот, ага сомдогон алтын жүктөтөт, он алты төөдө ак күмүш, калыңга делген алты



сан малды алтымыш миң киши айдайт. Булар аз келгенсип, жапайы жаныбарларды жолдон кошуп, Букарга айдап киргенде, жер бетин бүт мал-жан басып калат деп айтылат эпосто. Ушундай байлык менен Жакып кыз калыңын берип, макулдук алат. Калыңына жараша Каныкейдин себи да укмуш берилет.

“Каныкей колунан көөрү төгүлгөн уз, “үзүлгөндү улаган”, “жеткире акыл ойлогон, тереңдик жайы бар экен», «кылган иши баары амал, кызылдай бою сарамжал» кыз болот. Ушундан улам ал өз себинин камын өзү көрүп, казынага атлас, шайы, барча, буулум, машуроо, тубар, чүчтө сыяктуу кездемелердин баалууларын түркүн түстө чогултканы айтылат. Андан тышкары көөхар, жакут, маржан таш, жасалгалуу үй, алтын уук, күмүш кереге, ак айчыктуу көшөгө, жибек аргамжы, 40 сандык сепке берилгени жана камдаган жууркан, көрпөлөрүнөн 40 чорого ондон таратып бергени жазылган”, - дейт филология илимдеринин доктору, айтуучулук өнөрдү изилдөөчү Мээрим Көлбаева.

### Кыздын себинин мааниси чоң

Бүгүнкү күндө Каныкей энебиздин себиндей болбосо да, заманга жараша сеп берүү каадасы бир топ өзгөрүүлөргө учураса да, кызга сеп берүү салты сакталып келет. Абалкыдай эле азыр да сеп берүү шааниси бар. Мисалы, күйөөнүн үйүнө көчүрүлүп келген септи ачкан кезде ырымдап кыздын кайнене-кайнатасына жууркан беришсе, келин-кесекке жоолук, зер буюмдардан, идиш-аяктан өз шыбагаларын алышат.

Кызга калың алып, сеп берүүнүн мааниси абдан эле чоң. Калың-септи баш кошкон эки жаштын жаңы түптөлүп жаткан үй-бүлөсүнүн пайдубалын тургузууга ата-эненин көрсөткөн колдоосу деп түшүнүү керек. Илгертен күйөө жигит түндүк көтөрүп, жашаганга үй тургузуп камдаса, кыз тарап турмуш-тиричиликке керектүү азем буюмдар менен үйдүн ичин толтурат.

### Сеп бербеген учурда “жеңе жууркан” берилет

Кызга сеп берүү кыйла каражатты талап кылат дедик. Ушундан улам кызга сеп берүү бардык эле ата-эне үчүн оңойго турбайт. Сеп берүүгө шарт болбогон учурда же септи кийинчерээк бере турган болгондо, же жаш жубайлар чет өлкөгө барып жашаган шартта, же куда-кудагыйлардын макулдашуусу менен жеңил гана “жеңе жууркан” эле берилиши мүмкүн. Жеңе жууркан атайы кыз менен күйөө бала үчүн даярдалган 2 жууркан, 1 төшөк, 4 жер төшөк, 2 жаздыктан турат. Кыз ата-энесинин үйүнөн кетип жатканда ала кетет же жеңелери жеткирип беришет.

### Жаңы келиндин себи көздүн жоосун алгыдай жасалат

Сеп атайын кызга арналып аземделип жасалат. Мында кыргыздын өзгө улуттардан өзгөчөлөнгөн өзүнө гана таандык оймо-чиймелер, курак, сайманын түрлөрү жана башка көркөмдүктөр колдонулат. Улуттук буюмдарды жасалгалоодо түстөрдүн айкалышы да зор мааниге ээ.

“Оймо-чиймелердеги түстөр жаш-жубайлар сыяктанып эриш-аркак болуп, бири-бирин толуктап турушу керек. Негизи түстөрдүн да символикалык мааниси болот. Маселен боз, кара өңдөр турмуштун катаалдыгын билдирсе, көк-асманды, сары-күзгү талааны, кызыл-отту билдирет. Кыздын себине ачык түстөрдүн композициясынан жаралган буюмдарга артыкчылык берилет”, - дейт кол өнөрчү Салтанат Таиева.

Курак негизинен оорчулук мезгилде кездеменин тартыштыгынан улам ар кандай өөндөрдөн куралып жасалып калган делет. Эми болсо атайын баркыт, кыжым, жибек, атлас сыяктуу баалуу кездемелерден куралып, кызга барган жеринде курактай куралып, көп бала-чакалуу болсун деген тилек менен берилет.

### Модернизация септи кантип шөкөттөдү?

Элүү жылда эл жаңы, жетимиш жылда жер жаңы демекчи мезгил талабына ылайык сеп да жаңы техникалар, заманбап үй эмеректери менен толукталып жатат. Учурда сепке уктоочу керебет, муздаткыч, телевизор, ашкана эмеректери, кир жуугуч машина, идиш жуугуч машиналар кошулуп берилет.

“Мурун кыз көзүнүн нурун коротуп, сөөмөйүн жоорутуп, себин өз колу менен камдаса, азыр баары эле дүкөндөрдөн даяр сатып алып калышты. Кыздын каалоосуна жараша, буйрутма менен жууркан-төшөгүн даярдап берчү ишкерлер чекеден табылат. Пандемиянын айынан кыйла кымбаттай түшкөн жашоо темпибизге ылайык септин да баасы асман тирегенин айтышат сеп даярдаган ата-энелер. Жууркан-төшөк, жер-төшөк, жаздык, жөлөнмө жаздыкча, сандык, көшөгөлөрдүн топтомун борбордо атайын “Кызга сеп” деген чакан дүкөндөрдөн сатып алууга болот. Ал эми эмерек, кийим-кече, зер буюмдарын базарлардан, соода түйүндөрүнөн таап алса болот. Жасалышы жагынан түмөн түйшүктүү, а бирок септин маанилүү элементтеринен бири болгон шырдакты же кол килемди башбаккан бардык эле дүкөндөрдөн табуу кыйын болгондуктан, алдын-ала атайын буйрутма менен жасатышкандар бар. Аталган буюмдардын орточо базар баасы учурда төмөнкүдөй:

*Жеңе жууркан 14000 сомдон жогору болот.
Көшөгө – 2000-6000сом
* Жууркандын бир даанасы – 2700-4500 сом
* Жер төшөктүн бир даанасы – 2500-4200 сом
Сандык 4000-20000сом
Шырдак – 26000- 60000 сом
Уктоочу эмерек - 40000-85000 сом

*Бүгүнкү күндө Каныкей энебиздин себиндей болбосо да, заманга жараша сеп берүү каадасы сакталып келет. Абалкыдай эле азыр да сеп берүү шааниси бар. Мисалы, күйөөнүн үйүнө көчүрүлүп келген септи ачкан кезде ырымдап кыздын кайнене-кайнатасына жууркан беришсе, келин-кесекке жоолук, зер буюмдардан, идиш-аяктан өз шыбагаларын алышат.*



Үстүбүздөгү жылдын 21-28-сентябрында Түркиянын Бурса шаарында болуп өткөн "Манас жумалыгынын" алкагында манасчы Рысбай Исаков 124 саат манас айтып,"Гиннесс Рекорддор" китебине кирген. Анын аркасынан эле Астанада болуп өткөн "Кыргызстандын маданият күндөрү" иш-чарасы учурунда казак элинин "Сырым Баатыр Дат уулу" төш белгиси менен сыйланды. Рекорд жаңылап, тарых жаратып, талкууга алынган манасчы Рысбай Исаков биздин редакциябызга келип, акыркы жаңылыктары тууралуу маек куруп берди.

## Манасчы Рысбай Исаков:

# «Манас - өмүр бою өздөштүрө турган баалуулук"



**- Алгач гиннес рекорддор китебине киришиңиз менен куттуктайбыз! Сыйлык сиздики, сыймык биздики демекчи, кубанычыңызга ортоктошпуз. Анан дагы жакында эле Астанадан да олжолуу кайтыптырсыз. Жаңы алган төш белгиңиз да кут болсун! Астанага болгон сапарыңыз жана "Сырым Баатыр Дат уулу" атындагы төш белгини кантип алып калганыңызды айтып берсеңиз.**

- Канатташ казак боорлор бизден байма-бай кабар алып тургандыктан, "Гиннесс Рекорддор" китебине киргенимден маалыматтары бар экен. Астанада өткөн "Кыргыз маданият күндөрү" иш-чарасы учурунда Казакстандын алыскы Орол аймагынан келишип, Түрк маданиятын дүйнөгө таанытып жатканыңыз үчүн деп аталган сыйлыкты тапшырышты. "Эки эрдин достугу бир белди ашырат, эки элдин достугу миң белди ашырат", демекчи, элдин достугу түбөлүк болсун деп тилейбиз. Боордошторго ыраазычылык билдирем.

**- Сөз башынан болсун. Манасты кантип айтып калгансыз? Манас айтып калууңузга эмне себеп болду эле, аян болгонбу?**

- Аян болбой, баян болбойт. Аян адамга багытын көрсөтүп берген багыттооч гана болуп эсептелет. Калганы адамдын дараметине жараша болот. Түш бир эле жолу кирип калбайт. Ал өмүрүңдү коштоп жүрө турчу нерсе. Аны туура чечмелөө адамдын өзүнө байланыштуу. Манас айтуу түш көрүү менен эле бүтүп калбайт. Анда жаңдагандар, жолуңду көргөзгөндөр, туура багыт көргөзгөндөр болот. Мындай нерселер болмоюнча, түш көрүп калып эле, көзүн жумуп, оозун ачса эле Манас айтылып калат деген нерсенин өзү жаңылыштык. "Алгач чай кайнам айттым, анан аш бышым айттым, анан өмүр бою айтсам түгөнбөгөн улуу эпос экен"- деп айтканы бар залкар манасчыларыбыздын. Анын сыңарындай Манасты улам арбытып, улам өздөштүрүп турчу нерсе экени далилденип жатат. Манасты айтып калуума чоң энемдин жана кыргыз тили адабияты сабагынан берген мугалимимдин берген билими башат салган. Университеттен устаттарым жакшы болду. Улуу дебей, кичүү дебей манасчылардан таалим алдым.

**1998-жылы манасчылардын конкурсун утуп алган кезиңизде , Манасты толук билчү эмесмин деп айтып калганыңыз бар. Деги эле Манас билимин үйрөнүүгө канча убакыт кетти?**

- Дагы деле үйрөнүп жатам. Манасты ар бир айткан сайын жаңы жагдайлар ачылып, улам бийик кырлары көрүнүп жатат. Жакында эле Түркияда башкача өңүттө көрүндү. Муну дагы өзүм үчүн жекече ийгилик деп ойлойм. Ошондуктан Манас өмүр бою өздөштүрө турчу нерсе. Кээ бир кесиптерди жаш өткөн сайын аркалай албай калат эмеспизби. Ал эми Манас улам жаш өткөн сайын, улам толукталып ачыла берет экен. Токсонго чыкканда да толкундаткан нерселер боло берет го деп ойлойм.



**- Студенттик курагыңыздагы кызыктуу күндөрүңүз, түйшөлүүлөрүңүз, максаттарыңыз жөнүндө айтып берсеңиз.**

- Менин студенттик доорум белгилүү бир себептерден улам 1992-жылдан 2002-жылга чейинки 10 жылдык узак убакытты камтыйт. Кыргыз улуттук университетинин филология факультетинде билим алдым. Союз тарап, жаңыдан эгемендикке ээ болуп, кысталыш заманда эл загара нанга өтүп калган учур эле. Адам эмес мамлекет өзүн жөндөй албай калган эле. Бирок, студенттик доордун пейили жакшы болчу. Куурма чай менен бири-бирибизди конокко чакырып, ыр-күлкү менен өткөрдүк. Жаштыктын жигери замандын оордугун сездирген жок деп ойлойм.

**- Ал эми азыркы студенттер жөнүндө кеп кылсак... Азыркы жаштар эртеңки келечек. Анан сиз айткандай бири батышчыл, бири чыгышчыл, бири орускул болгон хаос келечек эч ким каалабаса керек. Өз тарыхын билген, Манасты ураан туткан, нагыз кыргыз коомун жаратууга болобу?**

Ар бир доордун артыкчылык, кемчиликтери бар. Илгертен бери эле жаштар бузулду деген нерсе менен келатабыз. Жаш өткөн сайын ар бир киши жаштыгындагы каталарын көрүп, аны кийин кайталабайт. Жаштык - ойноп-күлүүнүн эле эмес, келечекти да ойлоп жүрүүнүн мезгили. Батышчыл, чыгышчыл болуп бөлүнгөнү бул учурдун ташпиши болсо керек. Көз караштардын кагылышуусу орток нерсени жаратат. Уңгубуздан тайбашыбыз керек. Биздин бабалар цивилизациянын алдыңкылары болгонун эстейли. Өткөн тарых менен жашай албайбыз. Жаңы технологиялык жетишкендиктерди колдонуп, уңгубузду жоготпой, тарыхтан сабак алып, алдыга карай умтулушубуз керек.



Солдон оңго: студент Каныкей Ниязбекова, манасчы Рысбай Исаков, улук окутуучу, док. Гүлзада Станалиева

*Бир манасчы «Манастын» бардык бөлүгүн сыдыргыга салгандай текши айтып кете албайт экен. Бул нерсени С.Каралаевдин, С.Орозбаковдун варианттарынан байкап билсе болот.*

**Гиннеске рекорд жасоо учурунда белгисиз күчтөр себептүү, бейаңсезимдин негизинде эпостогу мурда айтылбай келген окуяларды башка өңүттө айттым деп жатасыз. Алдыда «Манас» эпосун өзүңүздүн вариантыңызды жаздыртып калуу оюңуз барбы?**

Албетте, мындай ой манас айта баштагандан бери эле бар. Бирок, мезгил тараза. Бир манасчы «Манастын» бардык бөлүгүн сыдыргыга салгандай текши айтып кете албайт экен. Бул нерсени С.Каралаевдин, С.Орозбаковдун варианттарынан байкап билсе болот. Алар үчүн «Манас» баланын оюнчугундай эле нерсе да. Бирок аларда да кайсы бир окуяларга келгенде өксүп калган жерлери бар. Мисалы, мага "Чоң казат" туңгуюк боюнча. "Чоң казат" боюнча эч бир манасчынын вариантына жан дүйнөм кошула албайт. Ачкычы жок сандыктай эле көрүнүп турат.

**- Сиз Түркияда Гиннес китебине катталуу үчүн беш күн манас айткан учурдагы айрым чарчап-чаалыгып айткан жерлериңизди сындагандар да болду. Манас тууралуу билгени да, билбегени да пикир айтып жатышты. Буга чейин эл арасында «Манаска» ушундай резонанс болгон эмес эле.**

Табиятынан эл түшүнүксүз сөздү бат кабыл алат. Мисалы, "Кенгуру" деген сөздү биз бир жаныбардын аталышы деп билебиз. А жергиликтүү элде бул "билбейм, түшүнбөйм" деген эле сөз экен. Кыргыз аны бөрсөйтүп ичине баласын салып алганы үчүн "бөрсө" дейт десең, "койчу ай" деп коюшат. Анын сыңарындай, түшүнгөн нерсени адам оңой менен кабыл албайт, жаман нерсени болсо, тескерисинче, бат кабыл алат. Кыргызда «Манасты" окуган, толук билген кишилердин саны манжаң менен эле санай тургандай аз. Кечээги уу-дуу болгон талкуудан соң, эл «Манастын» сөзүнө көңүл бура турган болуп калды.

**- Рекорд жаратып, «Манас» эпосу үчүн чоң кадам таштадыңыз. Мынчалык узак убакытка манас айтуу физикалык жана моралдык жактан бардык манасчылардын эле колунан келе бербесе керек. Бул сиздин Манас дүйнөсүндөгү карьераңыздын кульминациясыбы? Дегеле алдыда дагы кандай иштерди аткаруу оюңузда бар?**

- Манас казынасы - дыңы бузулбай жаткан айдың. Бул менин манасчылык дараметимди эле сынап көрүү болду. «Манас» боюнча жасала турчу нерселер дагы алдыда.

КАБАР: КАНЫКЕЙ НИЯЗБЕКОВА
ФОТО: ИНТЕРНЕТ

# Асманды багындырган биринчи кыргыз айымы

***Парашют менен секирүүнүн тарыхы 1797-жылга барып такалат. Ал жылы француз аэронавты Андре Жак-Гарнерен 680 метр бийиктиктен биринчи жолу парашют менен секирген. 1931-жылы дүйнөдөгү алгач парашют менен секирген айым-парашютчу Любовь Кулешова болгон. Ал эми асманды багындырган биринчи кыргыз айымы Мария Мусалиева экенин көпчүлүк биле бербейт. Окурмандарыбызга алгачкы парашютист кыргыз айымынын кызыктуу баянын тартуулайбыз.***

КАБАР: МУСАЛИЕВА АЙДАНА
ФОТО: ИНТЕРНЕТ


Парашют менен секирген алгачкы кыргыз айымы - Мария Мусалиева



### “Атамдын үмүтүн актагым келген”

Мария Мусалиева 1940-жылы 10-апрелде Оробашы айылында туулган. 7-класстан кийин Мария медициналык орто окуу жайга тапшырып, аны ийгиликтүү аяктаган. Ал кезде институтта окуусун улантуу үчүн практикадан өтүү шарты бар болчу. Бул үчүн тээ алыскы Баткенге барып эмгектенип, 17 жашында кужурмөн эмгеги үчүн Кыргыз ССРинин Жогорку Совети тарабынан Ардак грамота менен сыйланган. Анын билим алуу жолу көптөгөн тоскоолдуктар менен коштолуп келген:

«Мен сынактан 2 жолу өтпөй калгам, бирок өжөрлүгүм менен, талыкпаган эмгегим менен жана атамдын алдындагы милдетти сезгеним менен, үч жылдан кийин медициналык институтка тырышып жүрүп өттүм. Окууга өткөнүм менен, орус тилин начар билгендиктен, көп кыйналдым. Чымырканып орус тилин да өздөштүрүп алгачкы ийгиликтериме жетише баштадым. Бул үчүн мен өзүмө абдан ыраазы болом»,- деди Мариям Мусалиева.

### “Учам деп ойлогон эмесмин”

Биринчи парашютист айымдын тарыхы институттун 3-курсунда ДОСААФтын (Армияга, авиацияга жана флотко жардам көрсөтүүнүн ыктыярдуу коому) парашют секциясына кабыл алуу жарыялангандa башталган. Жаш Марияга куш сыяктуу учкусу келген кыялы такыр тынчтык бербей, асманды эңсетип туруп алат.

«Билимге жана жаңы сезимдерге кызыгуум, талпынуум мага ар дайым мүмкүнчүлүктөргө жол аччу эле. Парашют менен да ушундай болгон. Ал кезде топурагы алтын кыргыздын ажайып кооз жерин көрүп, асманда эркин куш сымал учкум келе берчү. Ошол кыялым мени ДОСААФтын парашют секциясына кирүүмө себеп болду", -деп эскерет парашютист айым.

### “59 жыл мурда 49 жолу парашют менен секиргем”

“Москва бир күндө курулган эмес” демекчи, парашют менен секирүүгө чейин курсанттардан коопсуздук жагын жакшылап үйрөнүшү талап кылынат. Анда болочок десантчылар мунараларда машыгып, ошол жерден коркуу сезимдерин жеңишкен. Эрежени, коопсуздук ыкмаларын так жана туура аткарган десантчыларга гана самолеттон секирүүгө уруксат берилчү экен. Ошентип көз ачып жумганча Мариянын да эңсеген күнү келет.

1963-жылы 23 жаштагы Мария учактын портунда көптөн күткөн учууга даярдана баштайт. Жүрөгү кубанычтан кабын тээп чыгып кете жаздаганы менен, кыз бул олуттуу сыноодон коркпойт. Тескерисинче, эргип, жүрөгү дегдеп, учууга камданат. Командирлердин буйругун угар менен жерге боюн таштаган Мария ал күндү мындайча эскерет:

“Ал күн эстен кетпес күндөрдүн бири десем жаңылышпайм. “Мен чындап учуп баратамбы? Бул иш чындап менин колумдан келдиби? Түшүмбү же өңүмбү?”- деген ойлор менен учуп бараттым. Бирок бул түшүм эмес эле. Кубангандан жүрөгүм толкуйт. Азыр да эстесем, ошондой сезимге туш болом. Парашют менен баары болуп 49 жолу учуптурмун, ар бири эсимде турат. Болбосо андан бери 59 жыл өтүптүр. Эстеген сайын денем чымырап, ошол сезимдер кайтып келет”.

### Тагдырдагы бурулуш

Дагы бир жолу, тагыраагы 50-жолу парашют менен секирсе, Мария апа парашютисттер эңсеген сыйлык наамын алмак болот. Бирок, тагдырдын Марияга болгон башка пландары бар экен. Асманга, тоодой максаттарга умтулган кызды бир күнү ала качып кетишет. Ал убакта кызды ала качып кеткен жигиттен кетип калуу мумкүнчүлүгү, тагыраак айтканда, башка тандоосу да жок эле. Мындай кыз ала качуунун кесепетинен канчалаган кыздардын максат-тилеги кыйраган. Ошентип, Мария тагдырга баш ийип турмуш куруп кала берет.

«Жолдошум турмушка чыккандан кийин парашюттан секирүүмө катуу тыюу салды. Бул ишти кооптуу деп, анын ордуна дарыгерлик карьерама колдоо көрсөттү. Адегенде, ачуум келген, азыр тагдырым ушундай жазылып калганына өкүнбөйм деле»,- деп муңайым жылмайды Мария апа.

### “Өмүрүмдү адамдарды даарылаганга жумшадым”

Мария апа мединститутту бүтүрүп, элге бир топ жыл кызмат кылат. Ал кыргыздын биринчи айым парашютисти гана эмес, 60 жылдай калктын саламаттыгын караган эмгеги үчүн Кыргыз Республикасынын Эмгек сиңирген дарыгери.

“Кесибиңди сүйүп, адал эмгектенсең гана ишиңден ырахат аласың. Ошондон улам болсо керек, пенсияга чыккандан кийин да иштеп жүрдүм. Ар кимдин өзүнүн бир кесипке болгон шыгы болот экен, эң башкысы аны табышың керек”, -дейт паршютист жана дарыгер.

Мария Мусалиева быйыл 82 жашка толду. Ал 4 уулдун энеси, 15 неберенин жана 19 чөбөрөнүн чоң энеси. Жаш кезиндегидей азыр да активдүү, жаңы нерселерди билүүгө умтулуп турат. Ал тургай, жылдын башында чоң операциядан кийин өжөрлүгү менен бутуна туруп кетти. Асманда куш сымал учкан күндөрүн бизге айтып берген Мария апа баянын адам кандай күндө калбасын, өз кыял-максатынан эч баш тартпашы керек деп аяктады.



24-ноябрь - Түркияда мугалимдер күнүнө карата

## Сыдыкова Жыргал, мугалим:

# “Ар бир үйдө комуз күүсү жаңырса” Согушту көргөн аталар кийинки муун билимдүү болсо экен деп самашкан

***Чыныгы мугалим ар бир жасаган иши менен, бүтүндөй жан дүйнөсү менен менен элди агартууга өмүрүн арнаган адам болот тура. Жыргал Сыдыкова эже ушундай асыл мугалимдердин бири. Ал Талас областына караштуу Кара-Буура районунун Кара-Сай айылындагы Момункул Чалданбаев атындагы орто мектепте 29 жылдан бери мугалим болуп иштеп келип, жакында эле конкурстун негизинде директор болуп дайындалган. Жыргал эже 900гө жакын окуучу окуган мектептин жаңы жетекчиси жана мугалими катары билим берүү тууралуу ой-пикирлери менен бөлүштү.***


Мугалим Сыдыкова Жыргал

Бул айылга келин болуп келгениме 32 жыл болду. 1993-жылдан бери ушул айылдын мектебинде кыргыз тили жана адабияты сабагынан мугалим болуп эмгектенем. Алгач келип айылдын мектебин көргөн кезде аябай сүйүнгөм. Үч кабаттуу жаңы гана салынып бүткөн заңгыраган мектеп. Ичинде бардык предметтерге тиешелүү болгон окуу куралдары менен камсыз кылынган. Химия, физика кабинеттеринин лабораториялык бөлмөлөрү бар. Практика жүзүндө көргөзүп берүү үчүн тиешелүү куралдардын баары орнотулган. Аскерге чейинки даярдык сабагынан дагы көрсөтмө куралдар: автомат, мина, граната сыяктуу куралдардын баары турчу. Мектептин имараты 1989-жылы салынган экен. Ага чейин балдар эскилиги жеткен урайын деген мектепте окушуптур. Айыл аксакалдары совет өкмөтүнө жаңы мектеп салып берүүсүн сурап кат жазышып, жооп келбей созулуп кеткенде, чогулушуп айылдын урайын деп араң турган мектебин кулатып салышкан экен. Ошентип, жаңы мектеп салынып жетишип калган деп сүйүнүп айтышчу. Ошол кездеги айыл аксакалдарынын бул ишин ойлоп олтуруп Платондун: “Кыйын мезгилдер күчтүү адамдарды жаратат. Күчтүү адамдар жакшы мезгилди курат. Жакшы мезгил алсыз адамдарды жаратат. Алсыз адамдар оор күндөрдү жаратат” деген сөзү оюма келет. Өздөрү согушту, ачкачылыкты, кыйынчылыкты башынан өткөрүшкөндүктөн, кийинки муун кор болбой билимдүү болсун деп самашкан да.

### Комуз черткенди үйрөтүү мамлекеттик деңгээлде колго алынса...

Быйыл Билим берүү министирлиги тарабынан көпчүлүк мектептерде директорлор алмашпадыбы. Сынактык негизде кайра тандап алышты. Мен дагы ошол сынактын негизинде өзүм эмгектенген ушул мектепке директор болуп дайындалдым. Жаңы жаш кадрларды жумушка алдык. Ал эми музыка сабагынан мугалим жок болгонуна байланыштуу эмгек өргүүсүндөгү мугалимди чакырууга туура келди. Мектеп программасында 3-класстан 8-класска чейин жумасына бир сааттан музыка сабагы коюлган. Байкап көрсөм, көпчүлүк мектептерде музыка сабагына анчалык көп көңүл бурулбайт экен. Теориялык түрдө гана ыр жазып жаттап, аткаруу менен чектелишет. Маданият улуттун жүзү деп айтып калабыз. Бирок музыка, эмгек сыяктуу сабактарды анчейин этибарга албайбыз. Баркталбаган сабак иретинде келатат. Коңшу Казакстан мамлекетинде болсо атайын “Домбура” сабагы киргизилген.Окуучуларга кичинесинен баштап домбура чертүүгө үйрөтүшөт. Бул нерсе улуттук баалуулуктарды аздектөөгө, патриоттуулук сезимди ойготууга болгон мамлекет деңгээлиндеги аракет. Менин тилегим: биздин өлкөдө дагы мамлекеттик деңгээлде комузду ар бир кыргыз баласы черте билгендей колго алса. Окуучулардын 9 жаштан 15 жашка чейинки убактысы куру өтпөй улуттук аспапты үйрөнүп алышмак. Ар бир кыргыз комуз черте билсе, ооз толтуруп айтып, сыймыктанчу нерсе эмеспи.

### Элет жериндеги мугалимдердин турмушу бир топ оорураак

Негизинен музыка сабагынан гана эмес физика, химия сыяктуу негизги сабактардан да элет жеринде кадр жетишпейт. Буга айыл жериндеги оор турмуш шарты, айлык маянанын аздыгы жана мугалимдик кесиптин тиешелүү деңгээлде баркталбаганы да өз кедергисин тийгизүүдө десем болот. Белгилей турган нерсе, мектептерде агайлар, б.а, эркек кишилер дээрлик жокко эсе. Алсак, мугалимдердин 80- 85%ын аял кишилер түзөт. Эр киши үй бүлөдө камкорчу болуп, бардык нерсе менен камсыз кылып турууга милдеттүү болгондуктан, башка, маянасы көбүрөөк жумушту тандап кетишет. Мындан тышкары, элет жериндеги мугалимдердин турмушу бир топ оорураак. Себеби жумуштан кийин үй тиричилиги бар, бала тарбиясы, жаз-күз айларында талаа иштерине дагы иштешет. Андан сырткары биздин салтыбызда катташ, келиндик кызмат деген бар. Мына ушунун баарын кошо аркалап кесибин таштабай эмгектенген мугалимдердин мектептин мектеп болуп кармалып турушуна салымы чоң.

### Өнүккөн өлкөнү куруу үчүн билимдүү жаштарга муктажбыз

Мугалимдик кесип – бул кесиптердин эң жөнөкөйү, ошол эле учурда улуусу деп эл ичинде айтылып жүрөт. Мугалимди майда деп да айтышат. Ооба. Чындыгында балдар менен иштөө бул өтө майдалыкты да, кылдаттыкты да, баамчылдыкты да талап кылат. Чыныгы мугалим сүйлөгөн сөзү, баскан-турганы, кылган иши, кийген кийими, жасаган мамилеси менен дагы окуучуга үлгү болуш керек. Бирок тилекке каршы, беш кол тең эмес. Дайыма эле өз кесибин сүйгөн адамдар мугалимдикке туш келе бербейт. Бул бала тарбиясын, билим деңгээлин аксатат. Дагы бир көйгөй, бала тарбиясында ата-эне мугалимди күнөөлөй берген учурлар жок эмес. Совет доорун көрүп калган муундун көз карашы менен алып караганда, “мурдагы окуучулар” анан “азыркы окуучулар” деген салыштыруу бар. Азыркы тарбиянын начардыгына, окуучулардын билимге кызыкпай калгандыгына мугалим күнөөлүү деп ойлошот. Тереңирээк ой чуркатып, “Эмне үчүн менин балам ушундай? Эмне үчүн азыркы балдардын балалыгы биздикиндей эмес?” деген суроону ар ким өзүнө берип, талдап анализдеп караса. Совет доорунда телеберүүлөрдөн атайын тарбия багытындагы иргелген гана берүүлөр берилчү, азыр болсо медианын өнүкөн учурунда маалымат ылгоо болбой калды. Телеберүүлөр аркылуу болсун, социалдык тармактар аркылуу болсун балдар зордук-зомбулукту, шоу-бизнес адамдарынын жашоосун, бизнес менен алектенген адамдардын жашоосун, чет өлкөнүн мыкты жашоосун даңазалаган нерселерди көрүүдө. Бул нерсенин бардыгы өсүп жаткан муунга таасир этет. Техниканын өнүккөн заманында жашап жатабыз, баарыбыздын колубузда бирден телефон. Балдарга колундагы мүмкүнчүлүктү туура багытта колдонгонду да үйрөтүү керек. Билим берүүнүн кайнап турган рычагы бул - мектеп. Мектепте кандай билим алса, кийин коомдо дагы ошондой адам болот. Менин каалаганым: кыргыз эли өнүккөн өлкөлөрдүн бирине айлансын. Ал эми өнүккөн өлкөнү куруу үчүн билимдүү жаштарга муктажбыз. Ал үчүн ата-эне, мугалим жана эң башында мамлекет колдоо көрсөтүп, чогуу иш алып баруусу керек.

КАБАР: ЖИБЕК МЭЛИСОВА

# Замандын талабына жараша адистерди даярдаган Кесиптик жогорку мектеп

*Күндө Кыргыз-Түрк "Манас" университетине сабакка келе жатып, "Кесиптик жогорку мектеп" деп кире беришинде жазылып турган имараттын жанынан өтөм. Университетибиздин кире беришинде алдымдан чыккан жер – ушул. Такай көрүп жүргөн бул окуу жайдын ичи кандай, анда студенттер эмнени үйрөнүп, кандай жашоо сүрүп жатышат болду экен деп кызыгып койчумун. Бул ирет "Манас" гезитинен кесиптик жогорку мектеп менен таанышууга мени жиберип калышты. Күндө сыртынан көргөн Кесиптик жогорку мектеп менен өзүм гана таанышпай, окурмандарыбызды кошо тааныштырат турбаймынбы деп жөнөп кеттим. Мени Кесиптик жогорку мектептин мүдүрү, доценттин милдетин аткаруучу Махмут Вурал агай тосуп алды. Анда эмесе, учурда суроо-талап күчөгөн жаш адистерди даярдоо иштери менен кеңири таанышыңыз*



### Тарыхынан учкай кеп...

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин карамагындагы кесиптик жогорку мектепти ачуу боюнча чечим 2006-жылы кабыл алынган. Ага ылайык, студенттерге "Офис-менеджмент", "Бухгалтердик эсеп", "Автоунаа", "Электр-электроника", "Курулуш технологиясы" бөлүмдөрү тарабынан эки жылдык билим берилмек. Ошентип, 2007-жылы эшигин ачкан мектеп ошол учурда өз имараты болбогондугуна байланыштуу коммуникация факультетинин биринчи кабатында бар болгону үч аудитория жана 2 иш бөлмөсү менен өз ишин баштайт. Арадан эки жыл өтүп, окуу жайга басмакананын орду бөлүнүп берилип, ал жерге көчүшөт. Ал эми 2010-жылы баары болуп 32 офис-менеджер, бухгалтер жана курулуш тармагы боюнча адисти уясынан учурат. Убакыт өтүп, замандын талабы жаңылангандыгын эске алган жогорку мектеп кийинки эле жылы программалардын аталыштарын кайра карап чыгып, "Мектепке чейинки билим берүү", "Маркетинг", "Полиграфия жана басма технологиялары", "Туризм" жана "Мейманкана иштетүү" өңдүү жаңы тармактарды ачууга бел байлаган. Ал эми соңку жаңылануу катары 2017-жылы дагы үч программа, атап айтканда, "Компьютердик программалоо", "Металл ширетүү технологиясы" жана "Эмерек жасалгалоо" бөлүмдөрү кызыккан жаштарды кабыл ала баштады. Мүдүр Махмут Вурал кесиптик жогорку мектеп эл аралык статуска ээ болгондуктан, Кыргызстандагы башка окуу жайлардан айырмаланып турарын айтат. Себеби, Түркияда мындай кесиптик мектептер эки жылда студентке адистикти берген жогорку окуу жай болуп саналса, Кыргызстанда "техникум" жана "колледж" терминдерин айкалыштырууда башкача түшүнүк пайда болот. Айрыкча, кесиптик лицейлердин 9-класстан тартып окуучуларды колледждердей окута бергендиги абалды түшүнүүнү кыйындатат. Мына ушундай кадамдар менен бир кездеги басмакана ири окуу жайына айланып, бүгүн 16 жылдык тарыхты артка таштаган чакта өз күчү жана студенттердин колдоосу аркылуу азыркы деңгээлине жетип отурат.

### Бүгүнкү тенденция: диплом эмес, өнөрлүү болуу маанилүү

"Кесиптик жогорку мектебибиз ачылган күндөн тартып 2021-жылга чейин "Манас" университетинин



студенттерди тандоо жана жайгаштыруу сынагынын жыйынтыгы менен студенттерди кабыл алып келген. Бирок 2022-жылга карата, талапкерлерибизге көбүрөөк мүмкүнчүлүктөрдү берүү максатында, Кыргыз Республикасынын Жалпы республикалык тестирлөө сынагынан 110дон жогору упай алып, 11-классты аяктаган талапкерлерди кабыл ала баштадык",-деген Вурал адегенде кесиптик мектеп даярдаган адистиктердин бүгүнкү күндөгү мааниси тууралуу кеп козгоду. Учурда университетте 4 жыл билим алган бүтүрүүчүлөрдүн саны күн сайын көбөйүүдө. Бирок дүйнөдө ишкердик потенциалы бар, практикалык жактан такшалган, технологияны колдоно билип, жумушчу менен инженердин ортосунда көпүрө боло ала турган кадрларга суроо-талап көбөйүп жаткан кези. Аны менен катар дагы бир нюанс - иш берүүчү компаниялар отуруп иштеген кызматкерлерге эмес, сыртта иштей билип, жумуштан качпаган кызматкерлерге басым жасашат. Мына ушндай критерийлерден улам Түркиядагы кесиптик окуу жайлардын саны 802ге жетти. Ал эми Кыргызстан боюнча бул жаатта билим берген 153 колледж бар экендиги белгилүү. Айткым келгени, өнүгүп келе жаткан өлкөлөрдө биринчи кезекте бүтүрүүчүнүн дипломунда эмне жазылганына эмес, анын колунан эмне келе турганына көңүл бурушат. Ушундан улам биз өндүрүш жана ишкердик тармагына шыгы, жөндөмү бар адистерди даярдоо максатын көздөйбүз.

### Теориясынан практикасы кызык сабактар

"Офис-менеджмент" бөлүмүнүн студенттери компьютерде 10 манжа тутуму менен терүүнү жана сценарий түрүндө чыныгы жолугушуу залында жыйналышты башкарууну үйрөнүшөт. Университеттин ичинде жана ири компанияларда иштөө менен жумасына бир күн бардык кеңсе иштерин пландап, кызматтык кат алышуу, отчет даярдоо ишин аткарышат. Андан тышкары, бизнесте колдонула турган кеңсе технологиялары менен иш алып барышат. Ал эми болочокто имараттарды куруу жана эксплуатациялоочу адистер компьютерде дубалды тургузуп, аны сырдап, чыгымдарды эсептеп, долбоорлорду чийүү менен эле тим болбостон, технологиялык аппараттар менен жерд өздөрү өлчөшөт. Айтор, курулуш иштеринин бардык этаптарын өздөштүрүшөт. Механиктер окуу жабдууларын колдонуу менен унааны оңдоону үйрөнүшсө, башкалары университетке керектүү эмеректерди өздөрү долбоорлоп, жасап чыгарышат. Ал эми беш түрдүү ширетүү технологиясын колдонушкан ширетүүчүлөр материалдарды жеринен көрүшүп, курулуш иштеринде талап жогору болгон "Mig Mag" ширетүүчү аппаратын өздөштүрүүгө аракет жасашат.

### Заманбап технологиялык жабдуу – учурдун талабы

Жаштар эмгек шайман, техника менен жабдылган устаканаларда иштеп, өнөрлөрүн өркүндөтүшөт. Ал үчүн керектүү технологиялык жабдууларды сунуштоого кесиптик лицейлер милдеттүү дейт Махмут Вурал: - Учурда автомобилдик транспортту техникалык тейлөө жана оңдоо, имараттарды куруу жана эксплуатациялоо боюнча сабактар үчүн бир лаборатория жана үч устаканабыз бар. Ширетүүчүлөр ТИКА тарабынан берилген заманбап аппараттар менен жабдылган жаңы устаканада тажрыйба топтошот. Аны менен катар жыгач, ДСП иштетүү жана компьютердик өндүрүш жасала турган дагы үч устаканабыз иштейт. "Туризм жана мейманкана иштетүү" бөлүмүнүн студенттери үчүн Туризм факультетибиздин практикалык мейманкана жана ашканаларында дарстар өтүлөт. Келечектеги офис-менеджерлерибизге "Заманбап кеңсе" бөлмөсү каралган.

### "Бүтүрүүчүлөрүбүз жумушсуз калбайт"

Азыркы тапта Жогорку кесиптик мектептин эмгек жамааты эки доцент, эки доценттин милдетин аткаруучу, 3 илимдин кандидаты жана 6 окутуучудан турат. Алар "Манас" университетинин тиешелүү бөлүмдөрүнөн жана Түркиянын алдыңкы окуу жайларынан өз тармагы боюнча адис окутуучулар. «Студенттерибиздин көбү банк, курулуш компаниясы, мейманкана, супермаркет өңдүү багыттардагы чоң ишканалардан жолугуп, бизди кубандырат», - дейт мүдүр Вурал. Анын айтымында, 2021-жылкы изилдөөгө ылайык, бүтүрүүчүлөрдүн 82 пайызы жеке, 11 пайызы мамлекеттик тармакта эмгектенишсе, калган 7 пайызы өз ишин түптөөгө жетишкен. Кесиптик жогорку мектептин уясынан учкандардын 61 пайызы өз адистиги боюнча, 39 пайызы кесибинен тышкары иштеп келишет.

### Алдыдагы максат – суроо-талапка ээ жаңы бөлүмдөрдү ачуу

Сөз соңунда, Махмут Вурал келечекте көздөп жаткан иштери тууралуу буларга токтолду: -Бүгүнкү рынок шартында кесиптик-техникалык окуу жайларына болгон суроо-талап артса артат, бирок азайбайт. Андыктан, кесиптик жогорку мектебибизде учурда эмгек рыногу талап кылган жана жаштардын жумуш менен камсыз болушуна багытталган программаларды ачууну максат кылып жатабыз. Бул үчүн жакынкы келечекте "Текстиль технологиясы", "Зергердик дизайн" жана "Маалымат коопсуздугу" өңдүү бөлүмдөрдү ачып, Кыргызстанга пайдалуу адистерди даярдоону көздөйбүз. Себеби, өлкө азыркы тапта да, келечекте да квалификациялуу кадрларга муктаж болору маалым.





КЕСИПТИК ЖОГОРКУ МЕКТИПТИН МҮДҮРҮ ДОЦ. М.А. МАХМУТ ВУРАЛ СТУДЕНТТЕР МЕНЕН...



КАБАР: ЭРЛАН БЕКТЕН УУЛУ / ФОТО: МЕДИАМАНАС

*Гезитибиздин бул санында университетибиздин көркөм өнөр факультети тууралуу баяндамакчы болуп, өнөр уясы болгон заңгыраган имаратка бардык. Эшиктен кирип барганыбызда көзүбүзгө дароо дубалдагы кооз сүрөттөр илинди. Боек жыттанган аудиториялардын бирине баш баксак, живопись бөлүмүнүн студенттери сүрөт тартып жатышкан экен. Андан ары театралдык бөлүмдүн студенттеринин лекциясына баш бактык. Компьютерлер тизилген бир класста болсо, графика бөлүмүнүн студенттери иштеп отурушуптур. Чымын үнү угула турган жымжырттыкта бул жаштар башындагы идеяларын компьютерге түшүрүп жатышкан экен. Үстүңкү кабатка көтөрүлгөнүбүздө фортепианонун коштоосунда музыка бөлүмүнүн студенттеринин ырдап жатканына күбө болдук. Бул ажайып дүйнөдөгү жашоо сизди да кайдыгер калтырбайт. Анда эмесе, көркөм өнөр факультети тууралуу баяныбызга көңүл төшөңүз, урматтуу окурман.*


КӨРКӨМ ӨНӨР ФАКУЛЬТЕТИНИН ДЕКАНЫ ДОЦЕНТ АНАРБЕК ИБРАЕВ СТУДЕНТТЕР МЕНЕН

# Көркөм өнөр факультети – таланттардын уясы

КАБАР: АЛТЫНАЙ НУРДИНОВА / ФОТО: МЕДИАМАНАС

**Факультеттин тарых-таржымалынан...**

Көркөм өнөр факультети 2009-2010-окуу жылдары ачылып, ошондон бери жаш өнөр адистерин уясынан учуруп келет. Графика, живопись, театралдык искусство жана музыкалык искусство деген төрт бөлүмү бар факультетти Кыргыз Эл артисти, Токтогул атындагы мамлекеттик сыйлыктын жана III даражадагы "Манас" орденинин ээси, доцент Анарбек Ибраев жетектейт.

"Факультетибизде окуп, иштөө үчүн бардык шарттар каралган. Музыкалык искусство бөлүмү үчүн "Түрк дүйнөсү" аттуу оркестирибиз, концерттик залыбыз жана эстрадалык группабыз бар. Фортепиано, гитара, баглама, комуз, деги койчу, студенттер үчүн каалаган аспапты өздөштүрүүгө, үйрөнүүгө мүмкүнчүлүктөр түзүлгөн. Көркөм сүрөт бөлүмү үчүн «Курманжан датка» атындагы сүрөт галереябыз бар. Ал жерде сүрөт көргөзмөлөрү уюштурулуп турат. Бул көргөзмөгө Кыргызстандан, Түркиядан келген аттуу-баштуу сүрөтчүлөрдүн эмгектери коюлат. Ал эми театр бөлүмүнүн студенттери ар бир курста спектакль коюшат. Театр бөлүмүнүн студенттери 3-курсунан баштап өз тармагында иштей башташат. Графика бөлүмүнүн студенттери үчүн да бардык шарттар түзүлгөн. Атайын лабораторияларда графикалык дизайн жасаганды үйрөнүшөт".

**«Жаш таланттарды иргеп алып, таптап чыгарабыз»**

Факультет абитуриенттердин ичинен өнөргө шыгы барларын тандап алып, профессионал өнөр адистерин даярдоо милдетин аркалайт дейт декан Анарбек Ибраев: "Биз жыл сайын ар бир бөлүмгө 20-25 студент кабыл алабыз. Чыгармачылык шыгы бар жаштар биздин факультетке өтүшү үчүн университеттин кирүү сынагынан минимум 100 балл алышы керек. Жүз баллдан өткөндөр бөлүмдөрүнө жараша кайрадан чыгармачылык шыкты текшерген сынакка киришет. Ошентип, абитуриенттер кылдаттык менен иргелип алынат. Себеби, биз 4 жылдын ичинде өнөрлүү, таланттуулардан профессионал адистерди даярдап чыгарышыбыз керек. Мисалы, сүрөтчүлөр сүрөт тартышат жана аны комиссия карап чыгып, тандап алат. Театр жана музыкалык искусствого тандоонун өзүнчө критерийлери бар. Бизге театралдык, музыкалык же болбосо сүрөтчүлүк өнөрдү мурда аркалап көрбөгөн, калемди биринчи жолу кармаган, бирок таланттуу абитуриенттер келиши мүмкүн. Же болбосо, ырдаганды каалайм, же актёр болгум келет дегендер да болот. Эң башкысы баланын каалоосунан сырткары ары жагында данеги, шыгы болуусу зарыл. Ошондуктан алардын өзгөчөлүгүн, жөндөмдүүлүгүн өтө кылдаттык менен сындан өткөрүп, кабыл алабыз".

**Жаштар профессионалдардын колунда**

Факультетте эл артисттери, аты аттын кашкасындай таанымал өнөр адамдары, дасыккан адистер жаштарга билим берет. "Көркөм өнөр факультети Кыргызстанга белгилүү болгон эл артисттери, эл сүрөтчүлөрү баштаган профессионал окутуучулар жамаатынан куралган. Аларсыз мыкты кадрларды даярдап чыгаруу мүмкүн эмес. Мисалы, эл артисттеринен эле санап кете турган болсом, Ырысбек Жумакунов – биздин оркестрдин жетекчиси, дирижёру, Карагул Амантурович Тиленчиев факультетибизде хордон сабак берет. Калийча Сейдалиева, Жумагүл Жумалиева аттуу эл артисттери, Жаныш Кулмамбетов - эл жазуучусу, искусство илимдеринин кандидаты жана учурдагы жападан жалгыз театр таануучу. Андан тышкары факультетибизде иш алып барган Кыргызстанга белгилүү режиссёрлорубуз менен тажрыйбалуу окутуучуларыбыз бар", - дейт декан Анарбек Ибраев.

**Теориядан тажрыйбага карай...**

Факультеттин окуу процессинде көбүнчө практикага басым жасашып, студенттердин тажрыйбасын арттыруу үчүн түрдүү тараптар менен кызматташып келишет. Декан доц. Анарбек Ибраев бул



тууралуу мындай дейт: «Көркөм өнөр факультетинин окуусу көбүрөөк практиканы талап кылат. Ошондуктан студенттерибиз башка мекемелерге барып, тажрыйба алышат. Өндүрүштүк практикага барууну каалаган студентке театр, опера жана балет, филармония, музыкалык орто жана жогорку окуу жайлардын эшиги ар дайым ачык. Мисалы, филармониянын ичинде Карамолдо Орозов атындагы эл аспаптар оркестри, Ч.Исабаев атындагы «Камбаркан» этнографиялык-фольклордук ансамбли, «Ак Марал» бий ансамбли бар. Максатыбыз – окуу жай же маданий мекеме менен таанышып, көрүп келүү эмес, бир ай аралыгында окуганын, билгенин аларга көрсөтүп, пикир алышып, өздөрүн сынап келүү. Аны менен катар Гапар Айтиев атындагы сүрөт музейи менен тыгыз байланыштабыз. Ал жерге эмгектерибизди көрсөтүп, түрдүү сүрөт көргөзмөлөрүнө катышып турабыз".

**"Бүтүрүүчүлөрүбүз жана дипломдук иштердин пайдасы"**

"Өнөрлүү жерде калбайт" дегендей факультеттин бүтүрүүчүлөрүнө эмгек рыногунда суроо-талап арбын. Декан Анарбек Ибраев бүтүрүүчүлөрдүн өз тармагынан орун таап кетиши, ошондой эле дипломдук иштердин коомго пайдасы тийип жатканын сыймыктануу менен айтып отурду: «Биздин бүтүрүүчүлөрдүн ушуга чейин ишсиз калган учуру боло элек. Башка өлкөлөрдө: Дубайда, Түркияда, Россияда, Казакстанда, Өзбекстанда иштеп жаткандары бар. Андан сырткары Кыргызстандын өзүндө, мисалы, театралдык өнөр бөлүмүн бүткөндөр өлкөдөгү театрларда иштеп, башкы ролдорду ойногондор да жок эмес. Андан сырткары кинодо ойногондору дагы бар. Музыка жаатында болсо, студенттерибиз, бүтүрүүчүлөрүбүз түрдүү кароо сынактарда байгелүү орундарды, гран-прилерди багынткан учурлар көп.





Дипломдук иш тууралуу кеп кылсак, театрда театр чөйрөсүндөгү көйгөйлөрдү жана аны чечүү жолдорун талдаган илимий изилдөөлөр жүргүзүлөт. Сүрөтчүлөрүбүз эки жыл бою чоң полотного сүрөт тартышып, андан тышкары дипломдук ишинде теориялык бөлүгүн кошо жазышат. Музыка жаатында ачылбай, чечилбей жаткан көйгөйлөр абдан көп. Мисалы, бир дипломдук иште «Бала бакчада жана мектеп жашындагы өспүрүмдөрдү тарбиялоодогу музыканын орду» боюнча изилдөө жүргүзүлгөн. Бул өтө чоң жана актуалдуу тема. Аны жөн гана жазып тим болбостон, бала бакчадагы ар бир группага кандай ырлар, кандай иш-чаралар өткөрүлүшү керек, мектеп жашына барганда кандай иш-чаралардын өткөрүлүүсү сунушталат деген сыяктуу суроолорго жооп табылып, жүзөгө ашырылуусуна аракеттер көрүлөт. Балдардын мүнөздөрүнүн калыптануусуна музыка өтө чоң таасир берет. Мисалы, бала бакчада музыка сабагынан жакшы билим алган бала мектепке барганда корунбаган, коркпогон, ачык-айрым болуп өсөт. Ал эми кандайдыр бир шарттардын негизинде бала бакчага барбай калган балдар өзүнөн өзү корунуп, тартынчаак болуп калат. Муну дипломдук иштердеги изилдөөнүн жыйынтыгынан көрө алдык. Жогоруда айтып өткөнүмдөй, студент дипломдук ишти жөн гана жазып койбостон, өз көзү менен барып көрүп, катышып, маселеге кылдат көз чаптырып келиши керек. Дагы бир мисал, мектептерде мугалимдин жетишсиздигинен музыкалык билими жок, дене тарбия мугалими музыкадан сабак берген учурларды көрүп калам. Мындай болбойт. Анткени, иш-чараларда кайсы жашка, кайсы класска кандай чыгармалар берилиши, үйрөтүлүшү керек экендигин билүү жана туура бөлүштүрүү өтө маанилүү. Ошол эле жерден мугалим хор, вокалдык ансамблдарды түзсө болот. Музыкалык билим - бул тарбия берүүнүн эң чоң бутагы деп эсептейм. Бир бүтүрүүчүм: «Мектепте иштеп жүргөндө адегенде балдарды чогулта албай кыйналып жаткам. Анан минусовкаларды коюп ырдатып баштасам, балдар биринин артынан бири агылып келе баштады. Азыр болсо катышам дегендер аябай эле көп. Айлык акым дагы мурдагыдан жогорулады» дейт. Бүтүрүүчүлөрүбүздүн мындай жетишкендиктерин угуп, ичибизден кубанып, сыймыктанып калабыз".

**"Студенттерибиздин өнөрү элге тартууланып турат"**

Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин иш-чаралары көркөм өнөр факультетисиз өтпөйт. Ар бир маанилүү иш-чарада биздин студенттер өз өнөрлөрүн көрсөтүшөт. Факультеттин ишинин натыйжасы университеттин окутуучулар жамааты жана студенттерине эле эмес, жалпы элдин да сынына коюлмакчы. Бул тууrasында доц. Анарбек Ибраев мындай деп сөзүн улады: "Факультеттин календардык планында окуу жылдын башынан июнь-июль айына чейинки бардык иш пландары киргизилген. Алардын убакыт, ай, даталарына чейин белгиленип, жылдын ичиндеги бардык иш-чараларыбыз камтылган. Университеттин иш-чараларынан сырткары өзүбүздүн тематикалык концерттерибиз бар. Жыл сайын карылар же балдар үйүнө барып жакшы маанай тартуулап келебиз. Ошондой эле жакынкы убакта региондорго барып концерт коюу, спектаклдарды уюштуруу иштери ректорат менен макулдашылды. Баткенден баштап, бардык региондорду кыдырып чыгуу пландалууда. Азыр кыш келип, суук түшүп, бир аз кармалып турабыз. Жаз келери менен окуу жылдын аягына чейин региондордун баарын кыдырып чыгалы деп жатабыз. Муну менен университетибизди, көркөм өнөр факультетибизди тааныштырып, элге өнөрүбүздү да тартуулап келебиз. Андан тышкары КТРК менен биргеликте жакынкы арада чоң концертибиз өткөрүлгөнү турат. Ошондой эле филармонияда масштабдуу концерт бергени жатабыз. "Эл – тараза, эл – сынчы" дегендей, бүтүрүүчүлөрүбүздүн талантына эл күбө болуп, баалашы керек деп ойлойм. Филармониянын фоесинде сүрөт көргөзмөсүн уюштуруп, биздин бөлүмдөрдүн эки сааттык концертин берели деген жакшы мүдөөбүз бар».

**"Талант менен адамгерчилик шай келиши керек"**

Бүт өмүрүн өнөргө арнап келаткан факультеттин деканы Анарбек Ибраев өнөр адамына билимдүү болуу менен бирге адамгерчиликтүү болушу маанилүү дейт: "Студенттериме жөн гана ырдап, бийлеп, сүрөт тартып, театрда, кинодо ойноодон сырткары, кайсыл гана жер болбосун, өзүн татыктуу алып жүрүүлөрүн ар дайым эскертем. Студенттерибиз талантынан тышкары адамгерчиликтин бийиктигин сактай билген мыкты инсандар болушу керек. Таланттуу болуп туруп, адамгерчиликтүү болбосо, таланттуу болуп туруп, сүйлөй албаса, таланттуу болуп туруп, туура эмес жоруктарды жасаса, ал канчалык таанымал болбосун, элдин алдында кадыр-баркын, сыйын жоготот. Аларды ар бир жараткан ийгилиги үчүн сөзсүз түрдө макташыбыз керек, бирок ошол эле убакта тартип жана тарбия дагы өтө маанилүү».

Жараткан ийгиликтери жана жагымдуу атмосферасы менен өзгөчөлөнгөн көркөм өнөр факультетине алдыдагы ири максаттары орундалып, жаштардагы жаңы бийиктиктерди багындырсын деген тилегибизди билдирип кош айтыштык!

# Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин 9 студенти “Кыргызстандын эң мыкты 100 студентинин” катарына кирди

КАБАР: АДИНА МАТИШОВА / ФОТО: МЕДИАМАНАС

КТМУнун 9 студенти “Кыргызстандын эң мыкты 100 студентинин” катарына кирди. 9-ноябрда Абдылас Малдыбаев атындагы опера жана балет театрында “Кыргызстандын эң мыкты 100 судентин” сыйлоо аземинде КТМУнун 9 студенти сыйлыкка татыды. Сыйлыкты Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигинин Жаштар саясатынын башкармалыгынын башчысы Таалайбек Бердиев, коомдук ишмер, меценат, Салымбеков университетинин негиздөөчүсү Аскар Салымбеков жана Салымбеков бизнес мектебинин жетекчиси Жакшылык Бекназаровдор студенттерге сыйлык тапшырышты.

Кыргызстандын эң мыкты студенттерин аныктоо максатында Кыргыз Республикасынын Маданият, туризм жана жаштар саясаты министрлигинин колдоосу менен “Керемет Холдинг” тарабынан уюштурулган “Кыргызстандын эң мыкты 100 студенти” сынагы өткөрүлгөн. Сынакка катышуу үчүн 3-31-август аралыгында студенттер талап кылынган документтерди жөнөтүшкөн. Сынакка Кыргызстандын 7 облусунан 500дөн ашык студент катышкан. Илим-билим, искусство, бизнес, активисттик чөйрө жана спорт тармагында ийгиликтерге жетишкен таланттуу студенттер жана түрдүү уюмдардын көптөгөн активисттери байгелер үчүн ат салышышкан.

КТМУнун коммуникация факультетинин окутуучусу доц. Доктор Эрдоган Акман жана кенже илимий кызматкер Зеки Окяйдын жетекчилигинде сынакка катышкан 1-курстун студенттери Адина Матишова, Пазилет Алтынбек кызы жана Айзада Урматбек кызы аталган сынакта “Эң мыкты студент” деп табылган.









## Министрлик менен спорт тармагында кызматташуу уланууда



КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

9-ноябрда Кыргыз-Түрк “Манас” университети менен Кыргыз Республикасынын Маданият, маалымат, спорт жана жаштар саясаты министрлигине караштуу Дене тарбия жана спорт департаментинин ортосундагы кызматташтыкты өнүктүрүүгө жана колдоого арналган жыйын өткөрүлдү.

Жыйында спорт илимдери факультетинин деканынын м.а., профессор Канат Жанузаков факультеттин ишмердүүлүгү тууралуу маалымат берип, Кыргызстандын спорт тармагынын өнүгүшүнө «Манас» университетинин кошкон салымын баса белгиледи.

Андан соң Дене тарбия жана спорт департаментинин орун басары Самат Токтоналиев «Манас» университетинин квалификациялуу профессордук окутуучулар курамы жана забанбап өнүккөн физикалык инфраструктурасы жаш спортчуларды даярдоодо чоң мааниге ээ экенин баса белгилеп, министрликтин университет менен болгон кызматташуусун жогору бааларын айтты. Ошондой эле С. Токтоналиев студенттердин суроолоруна да жооп берди.

## Спорт илимдери факультетинде ант берүү жана сыйлык тапшыруу аземи



КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин спорт илимдери факультетинде 1-курстун студенттеринин ант берүү жана 2021-2022-окуу жылында мыкты жетишкендиктерди көрсөткөн студенттерди сыйлоо аземи болуп өттү.

Иш-чарага кыргыз спортунун легендасы, коомдук ишмер, 22-Жайкы Олимпиада Оюндарынын чемпиону жана оор атлетика боюнча дүйнөнүн төрт жолку чемпиону Каныбек Осмоналиев жана 12-Олимпиада оюндарынын теле алып баруучусу, КРнын маданиятына эмгек сиңирген ишмер, жазуучу жана журналист Кабыл Макешов да катышты.

## “Манас” университети 281-орунда

КАБАР: МЕДИАМАНАС / ФОТО: МЕДИАМАНАС

Кадыр-барктуу эл аралык QS (Quacquarelli Symonds) агенттиги жогорку окуу жайлардын “Өнүгүп жаткан Европа жана Борбор Азия” рейтингин жарыялады. 760 жогорку окуу жайы киргизилген тизмеде Кыргыз-Түрк “Манас” университети 281-орунга ээ болду.

Эскерте кетсек, 2022-жылы окуу жайыбыз QSтин дүйнөлүк рейтингинде 801-орунга ээ болгон.

Quacquarelli Symonds агенттиги университеттердин эң абройлуу глобалдык рейтингдеринин бири болуп эсептелген QS World University Rankings рейтингин түзөт.

Бул тизмеге Борбордук Азиядан Казакстандан 32 жогорку окуу жай, Кыргызстандан 2, Өзбекстандан 8, Тажикстандан 1 ЖОЖ кирген. Ал эми Борбор Азия ичинен Кыргыз-Түрк “Манас” университети 13-орунду ээледи.

Окуу жайларды баалоодо төмөнкү көрсөткүчтөр колдонулду: академиялык кадыр-баркы, иш берүүчүлөрдүн арасында кадыр-баркы, чет элдик окутуучулар менен студенттердин саны, илимий даражалуу кызматкерлердин саны, интернет-ресурстарынын натыйжалуулугу, жарыкка чыккан макалалардын профессордук окутуучулар курамынын ар бир кызматкерине туура келчү саны.

Эң алдыңкы 10 орунду Кытай, Сингапур, Түштүк Корея жана Малайзиянын жогорку окуу жайлары алган.

## КТМУнун изилдөөчүлөрү AD Scientific Index боюнча өз тармактарынын алдыңкы орундарын ээлешти

КАБАР: МЕДИАМАНАС

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин изилдөөчүлөрү жакында AD Scientific Indexтин 2022-жылдагы Дүйнөлүк илимпоздор жана университеттер рейтингинде, анын ичинде Кыргызстандагы тизмесинде жогорку орундарга жетишти.

КТМУнун 6 окутуучусу акыркы беш жыл ичинде AD SCIENTIFIC INDEX 2022 боюнча дүйнөнүн илимпоздору жана изилдөөчүлөрүнүн арасында алдыңкы даражаларга жетише алышты. Бул индекс изилдөөчүлөрдүн илимий өндүрүмдүүлүгүнүн натыйжалуулугун жана кошумча наркын караган классификация жана талдоо системасына негизделген.

“Манас” университетинин индексте таанылган изилдөөчүлөрүнүн Кыргызстандагы тизмесинде: гуманитардык факультетинин профессору Күршад Йылмаз биринчи, биология бөлүмүнүн профессору Али Аслан экинчи, ветеринария факультетинин деканынын орун басары, профессор Исмаил Шен тизмеде бешинчи жана университеттин биринчи проректору, профессор Асылбек Кулмырзаев алтынчы орунда.

Google Scholar маалыматынын негизинде индекс изилдөөчүлөрдүн таасирин h-индекс маанисине жараша баалайт. Ал кеминде 10 шилтемеси бар басылмалардын санын билдирген маани.

## Күйөрмандар

Алай жергесинде өтүп жаткан көкбөрү чемпионатын көрүп жаткан көйөрмандар




© Нурбек Ашыраалы уулу

## Жайлоодогу боз бээ, Нарын облусу



© Бегим Жолдубай кызы

## Лагман устасы, Ош шаары



© Айгерим Акылбекова

• КТМУнун атынан
газит ээси

Ректор, проф. док.
Алпаслан Жейлан
Биринчи проректор,
проф. док. Асылбек
Кулмырзаев

• Басма сөз
координатору
Улук окутуучу, док.
Гүлзада Станалиева

• Кеңешчи тобу
Доц. док. Эрдоган
Акман
Доц. док. Гөкче
Йогуртчу
Доц. док. Ниязи Айхан
Улук окутуучу док.
Бакыт Орунбеков

• Жооптуу редактор
Улук окутуучу, док.
Топчугул Нармаматова
Кенже илимий
кызматкер Зеки Окйай

• Редактордун орун
басары
Гүлдана Нурмухаммед
кызы
Мехрафруз Набиева

• Котормочулар
Алтынай Нурдинова
Эрлан Бектен уулу
Бекзат Акималев

• Дизайнер
Улук окутуучу
Равшан Абдуллаев

• Корреспондеттер
Акматалиева Канышай
Маматова Айгерим
Бекишова Элиза
Мусалиева Айдана
Замирбеков Жакшылык
Нурбек уулу Эсенбол
Абдыкалил кызы
Айзирек
Кабылова Мээрим
Мамедова Раяана
Адина Матишова
Айзат Лесбекова

• Дареги
КТМУ Коммуникация
факультети, Жал
студенттик кампусу,
Бишкек
Тел: +996 312
492756/1164